*Ташибекова З.М.*

# БЕШ-ТАШ УЛУТТУК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНЫН ЧУМА ОЧОКТОРУ

*Ташибекова З.М.*

# ОЧАГИ ЧУМЫ В НАЦИОНАЛЬНОМ ПРИРОДНОМ ПАРКЕ БЕШ-ТАШ

*УДК: 502.4 (575.2)*

*Были отмечены чумные очаги природного национального парка “Беш-Таш” и паразиты, вызывающие болезни, определены губительные свойства для животноводства и здоровья человека.*

*The plague pestholes of natural national park “Besh Tash” were mentioned and the parasites, which cause the diseases, destructive internals are defined for the animal husbandry and human health.*

Кыргыз Республикасында чуманын массивдүү очоктору кеңири таралган. Алар Ат-Башы районунун Аксай өрөөнүнүн, Жети-Өгүз сырт зоналары, Тоң, Ак-Сай, Түп райондуру, Алай өрөөнү, Алай тоо кыркалары, Чон Алай району жана Талас А.В. Шварц, О.С. Соорбеков, С.А. Берендяев, М.А. Тюленбаев, Б.М. Якунин, Ю.С. Слюнкин. түндүк тоо кыркаларынын территориялары Кара-Буура, Бакай-Ата райондору ошондой эле Беш-Таш улуттук жаратылыш паркы-нын Карагайлуу, Өмүр, Чоң Өмүр капчы-гайларын жердеген кемирүүчүлөр чуманы алып жүрүүчүлөр экендиги аныкталды. Талас өрөөнүнүн чума очоктору 1977-жылы чумага каршы зоология-паразитологиялык мүнөздөмөдөгү экспедициянын негизинде изилденген, азыркы учурда изилдөө иштери жүргүзүлүүдө.

Кыргызстандын шартында тиричилигин өткөзгөн омурткалуулардын фаунасын жана биоэкологиясын узак убакытка жана интенсивдүү изилдөөлөргө карабастан бийик тоолуу аймакта бири-биринен обочолонуп тиричилигин өткөзгөн айрым бир омурткалуулардын популяциялары зоология-лык-паразитологиялык, экологиялык изил-дөөлөргө тажрыйба жүзүндө толук камтыл-ган эмес. Ушундай омурткалуулары толук изилденбеген аймактардын катарына Беш-Таш улуттук жаратылыш паркын киргизсе болот. Омурткалуулардын түрлөрүнүн бешташ попу-ляциясынын омурткалууларын факториялдык, популяциялык жана система-тикалык эколо-гиянын аспектисинде изилдөө менен катар, алардын цитогенетикасын терең изилдөө талап кылынат. Обочолонуунун таасирлеринин негизи менен байланыштагы өзгөчөлүктөрдү-хромосом-дордун түзүлүшүнүн ар түрдүүлүгүн, түрлөрдүн ичинде - популяциялык деңгээлде изилдөө-нүн келечеги чоң.

Бул изилдөөлөрдү жүргүзүү менен катар Беш-Таш улуттук жаратылыш паркынын жалпы аянты 32450 га; Азыркы учурда парктын жаңы аянты 13650га; Айыл чарба керектөөсүнө 18800га бөлүнүп берилгендигин эскерүү менен чума очоктору камтыган капчыгайлар бар экендиги далилденди.

Ал очоктор Беш-Таш суусун бойлото жайгашкан капчыгайлар: Карагайлуу, Өмүр, Чоң өмүр. Бул капчыгайлар ортосунда ачык шалбаа мейкиндиктери ээлеп жатат. Бул флора шалбаа жана бадал, жарым бадал өсүмдүктөрүнө бай. Ар бир капчыгай бойлото мөңгү суулары агып турат. Тоо кыркаларынын 2100-2500 деңиз деңгээлин-деги бул аянт мал чарбачылыгы өлөн жайыт катарында ыңгайлуу шарт. Бул жерде кемирүү-чүлөрдөн басымдуулук кылган түр: токой чычканы, кыргыз момолойу жыл мезгилинен көз карандылыкта капканга түшүү проценти 4-18% чейин жогорулайт. Көбүнчө көк кескек, токой бараккуйругу, кадимки момолой, кызыл суур булардын сан жагынан өсүүсү акыркы жылдарда кескин жогорулоодо. Беш-Таш улуттук жара-тылыш паркынын кемирүүчүлөрндө кездешүүчү бүргөлөрдүн түрдүк курамы Манас районуна караганда көбүрөөк санда 35 түр кездешет. Суурларда 4 түр: P. irritans, O. silantiewi, C.lebedewi, Rh.li ventricosa.

Беш-Таш чума очокторундагы кызыл суурдагы бүргөлөр миграциясынын активдүү-лүгү жогору. Бул суурлардын ийиндеринин 824тү тампондоодо 10 түрдөгү 365 бүргө аныкталган. Негизги массасы C.lebedewi-50,7%; Канаттуу-лар паразиттерине F. frontalis жана C. avicitelli. Тампондоодо кездешүү индекси 0,44 барабар болду. Мында көңүл бөлүүчү факт суурлар менен чычкан сымалдуу кемирүүчүлөрдүн ортосун-дагы бүргөлөрдүн бири-бирине өтүшүүсү. Суурлардын ийиндеринен чычкан сымал-дууларга мүнөздүү өкүлдөрү – C. caspius, N mane. Чычкан сымал-дууларда болсо суур-ларга мүнөздүү бүргө - Rh.li ventricosa.

Жалпысынан бүргөлөрдүн кездешүү индекси кадимки момолой 1,3-2,1; токой чычканы 0,5-1,2; Көк кескек 1,5-3,3 .

Жогоруда көрсөтүлгөндөй чычкан сымал-дуулардын түрдүк курамы ар түрдүү: 30 түр басымдуулук кылганы C. caspius -31,0% L. nana -

22,3%, көп кездешүүчүсү P. nemorosus, A. primaris. Бул энзоотикалык очоктор территорияларынын паразиттерин изоляция-лоо иштерин жүргүзүүдө. Бул очоктор 130 км чыгышты көздөй Беш-Таш суусунун сол жак жээктеринде да орун алган. Карагай жана Аралаш токой капчыгайлардын аскалуу этектеринен Беш-Таш суусун көздөй шалбаа, бадалдар өсүндүлөрү (арча, ит мурун, барбарис, ит жүзүмдөр) жайытка ыңгайлуу шарт. Омурткалуулардын биоценоздорго бөлүштүрүлүшүнө жана биотикалык мамилелерине талдоо жүргүзүүдөн мурун биоценоздун өзүнүн түзүлүшүн аныктап алуубуз керек. Бул багыттагы окумуштуулардын эмгектеринен П.Джиллердин (1988), R.E.Ricrlefs (1980) жана башка окумуштуулардын эмгектерин атоого болот. Бул белгилүү экологдордун берген маалыматы боюнча биоценоздун түзүлүшүн төмөндөгүдөй денгээлдер боюнча талдоого болот:

а) Биоценоздун жеке мүчөлөрүнүн түрлөрдүн популяция ортосундагы мүмкүн болгон байланыштардын жолдору жана бири бири менен өз ара байланышы изилденүү керек. Башкача айтканда ресурстардын бөлүштүрүлүшү, түрлөрдүн популяцияларынын биоценоздогу жыштыгы, жыштыгынын жыл мезгилдерине карата өзгөрүүлөрү талдануу керек.

б) Биоценоздун денгээлинде жаралган жандуу бирдиктин касиеттери талдануу керек, башкача айтканда трофикалык денгээлдер, кубаттын топтолушунун ылдамдыгы жандуу бирдиктеги агымы, сукцессия, биогендик элементтердин айлануусу жана башка.

Беш-Таш улуттук жаратылыш паркынын омурткалууларынын ар бир түрүнүн биологиясы изилденүүдө алардын каршылаштары, мителери, азыктары талдануу менен башка түрлөрү менен болгон биотикалык мамилелери жекече талданган. Ал изилдөөлөрдү дагы да тактоо менен, комплекстүү изилдөөлөрдүн жыйынтыгынын негизинде гана жаратылыш паркынын омурткалууларынын биотикалык мамилелеринин теоретикалык негизин түзүүгө болот.

Талас облаты боюнча акыркы 5-10 жылдарда чума очокторунун чек араларын изилдеп, эпизоотикалык абалы жөнүндө контрол жүргүзүү керек. Себеби, мал чарбачылыгы менен эмгектенген калк чума ооруусун жугузуу коркунучунда турат.

Чума кескин жугуштуу жаратылыш-очоктуу оору. Ал карантиндик инфекцияга кирет. Адамга эзелтеден бери белгилүү. Жаратылыш шарттарында чума менен Кемирүүчүлөр - суур, кум чычкан, келемиштер, чычкан сымал кемирүүчүлөр ошондой эле жапайы айбанаттар- түлкү, көк кескектер, коендор жана башкалар тоо этектеринде, чөлдөрдө жана башка жаратылыш чөйрөлөрүндө ооруушат. Ал эми айыл чарба жаныбарларынан төө чалдыккан оору. Ал эми инфекцияны алып жүрүүчүлөр бүргөлөр ооруулуу кемирүүчүлөрдөн канды сору менен бири-бирине ооруу таратат. Жапайы жаратылышта кемирүүчүлөр жана бүргөлөр чума микробун сактоочулар болуп саналат, жогоруда көрсөтүлгөн аймактарда.

Адам жаратылыш очокторуна жанашуу менен ооруу жугузат - бул мал чарбачылар, геологдор, жолоочулар, туристтер жана очок территорияларында жашаган чабандар суурлар, кемирүүчүлөрдүн бүргөлөрүнөн жугузуу мүмкүнчүлүгү жогору.

Аңчылык кылууда кармалган айбанаттардын баалуу терилерин сыйрууда жаракаты бар кан аркылуу колго өтүп Адам организмин оорууга чалдыктырат.Жайытта эркин жайылган мал сөзсүө түрдө бул коркунучка жанаша болот.

Азыркы учурда чумага каршы иш чараларды комплекстүү профилактикалык иштерди жүргүзүү (вакцинация, дератизация жана калк жашаган аймактарды дезинсекциялоо) зарыл. Дайыма консультация - усулдук жана практикалык жардамды жеңилдетилген медициналык жардамдын кызматтарын чумага каршы уюмдар жүргүзүп туруусу керек. Ал эми адамдар чума ооруусун жугузуу мүмкүнчүлүгүн төмөндөтүү үчүн

- турак жайда кездешкен кемирүүчүлөрдү жок кылып туруш керек.

- жашоо бөлмөлөрүн кан соруучу курт-кумурскалардан тазалоо жана таза кармоо зарыл.

- турак жайга жакын жерге суурлардын жана башка баалуу терилерди сыйрууга болбойт.

- оорулуу же өлүм астында жаткан айбанаттарды кол менен кармоого, турак-жайларга алып керүүгө болбойт.

- чумага каршы мезгилдүү профилак-тикалык прививкаларды алып туру зарыл.

Беш-Таш мамлекеттик жаратылыш паркынын эс алуу зоналары да бар экендигине байланыштуу калктын кызыкчылыгы үчүн тиешелүү чараларды колдонуу зарылдыгын көрсөтөбүз.

**Адабияттар:**


1. Абросов М.С., К теории трофической конкуренции. – в кн: Анализ динамики роста биологических объектов. М. Наука, 1978 а С. 38-48.
2. Айзин Б.М. Некоторые особенности распространения сурков в Киргизии // В сб.:Ресурсы фауны сурков СССР.- М.: «Наука», 1967.-С.22
3. Воронцов Н.Н., Ляпунова Е.А., Захарян Г.Г., Иванов В.Г., Кариология и систематика рода Ellobius (Microtinae, Rodentia) // Сб: Млекопитающие: Эволюция, кариология, фаунистика, систематика.- Новосибирск,1969.-С.127-129.